Дидактика

№3 (22) март, 2023-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# «Кош жылдыздар» аныкталды



8-март - Аялдардын эл аралык майрамына карата ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын арасында "Кош жылдыз" сынагы өттү.

Сынактын жобосуна ылайык, факультет менен колледждерден бир айым же бир мырза катышып, эки структурадан бир жуп болуп даярдык көрүшкөн. Сынакты хореографтардан жана маданият кызматкерлеринен куралган калыстар тобу баалашты.

Майрамдык кечеде окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков жамаатта эмгектенип жаткан айымдарды куттуктап, университеттин өсүп-өнүгүүсүндө айымдардын ордун белгиледи. Ошондой эле окуу жайда аткарылып аткан иштер жана алдыдагы стратегиялык пландар боюнча кеп козгоду.

Сынактын жыйынтыгында баш байгени Орус филологиясы факультетинен Айсырга Ташполотова менен Индустриалдык-педагогикалык колледжинен Урматбек уулу Сыймык, биринчи орунду STEM инновациялык колледжинен Алтынбек кызы Айтурган менен Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинен Таалайбек уулу Ниязбек, экинчи орунду Өзгөн медициналык колледжинен Мамашарип кызы Бакдөөлөт менен Математика жана информациялык технологиялар факультетинен Пакал уулу Долонбек, ал эми үчүнчү орунду Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинен Дастанбай кызы Камила менен Эл аралык билим берүү программалары колледжинен Канатбек Кокчаев ээлешти.

Жеңүүчүлөр жана мыкты катышкандар акчалай сыйлык жана баалуу белектер менен сыйланды. Эскерте кетсек, аталган кароо-сынактын байге фонду 100 миң сомду түздү.

Долбоордун автору, студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова бул сынак окутуучуларга моралдык жактан дем берүү жана структуралар аралык ынтымакты бекемдөө максатында уюштурулганын баса белгиледи.

## Жаңы бренд менен таратма материалдар



Гезитибиздин өткөн сандарында эл аралык рейтингдердин талаптарына ылайык, университет 4.0 муунуна айлануу багытын эске алуу менен Ош мамлекеттик университетинин жаңы бренди иштелип чыкканын кабарлаган элек.

Эми мына ошол бренди коомчулукка кеңири жайылтуу максатында таратма материалдар иштелип чыкты.

Эскерте кетсек, бренди иштеп чыгууда университеттин бай тарыхы, учурдагы абалы жана келечек стратегиялык багыттары эске алынган.

Брендде – университеттин фирмалык стили, түсү, тамгасы, слоганы болуп баары бир логи-калдуу чынжырчага байланат. Визиттик карточкадан тарта, бардык иш-аракеттерде университеттин бренди чагылып турууcу абзел. Аталган бренд өндүрүштүк университетке айланууда ОшМУнун товардык белгиси катары кызмат кылат.

Университеттин сайтында жаңыланган логотип чегерилген сүрөт, таркатма материалдар түрдүү форматта жайгаштырылды. Каалоочулар сайттан көчүрүп алып пайдалана берсе болот.

**Төмөнкү QR код аркылуу ОшМУнун брендик тиркемесине кире аласыз.**

*(уландысы 7-бетте)*

## Бүгүнкүнүн Дүйшөнү - Гапыр агай Ошто



4-бетте



**ОшМУнун Маалымат технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнүн башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдималик Омаралиев:**

## "Санариптик аймакка" каттоо иштери кызуу жүрүүдө"

5-бетте

## Педагогикалык тажрыйбалар пarады

6-7-беттер

## Нооруз - тирүүлүктүн, жаратылыштын жаңылануусунун жана жакшы тилектердин майрамы



**Урматтуу устаттар!**
**Кадырлуу кесиптештер!**
**Кымбаттуу студенттер!**

Жаныбар аттуунун баарына жан кирип, жашоону өзгөчө шаңга бөлөп, жаратылышты жашыл түскө боёп келе жаткан Нооруз майрамыңыздар менен чын жүрөктөн баарыңыздарды куттуктаймын!

Эзелтен Нооруз - тирүүлүктүн, жаратылыштын жаңылануусунун жана жакшы тилектердин майрамы. Байыркы бабаларыбыз 21-мартта күн менен түн теңелип, жыл тогошконун баамдап, Жаратканга, Тирүүлүккө, Жашоого таазим эткен. Жарыкчылык түндү, жылуулук суук ызгаарды жеңген сыяктуу, чындык жалганды, жакшылык жамандыкты жеңет деп тилек кылган. Жер айдап, үрөн сээп, келечекке, жакшылыкка умтулган. Араздашууларын токтотуп, таарынычтарын кечирген. Дасторкон жайып, жаркын маанай менен жакындарына, досторуна жана коңшуларына жакшы тилектерин, каалоолорун билдирген.

Тээ илгертен бери дал ушул күнү конок каадасы күтүлүп, айран, каттама, каламалар, көмөч нандар, ошондой эле көктөм майрамына мүнөздүү ууз салынып, талканга каймак, бал умаштапып, көжө, бозо, кымыз, актык дасторконго коюлуп келген. Бул мурастарыбыз азыр деле элибизде сакталып калганы кубандырат жана ушул күнү да эл колунан келген актык азыктарын алып Нооруз майрамын майрамдашат.

Быйылкы жаз — куттуу университетибиз үчүн өзгөчө жаз. Ооба, быйыл жаз эрте келди. Демек, биз да мезгилден артта калбай коом алдында аракеттерибизди эртелетүүгө милдеттүүбүз. Анткени жамаатыбыз өтө маанилүү жана жоопту учурду, тактап айтканда, мамлекет жетекчиси арткан ишенимди абийирдүүлүк менен аткарып, буга чейинки жетишкендиктерибизди бекемдеп, аракеттерибизди жүзөгө ашырууга, маанилүү болгон кадамды жасоого милдеттүүбүз. Ал кадамдар өлкөбүздү жаңы бийиктиктерге, жаркын жашоого сүрөөгө багытталган.

Биз ынтымакка бөлөнүп, биримдикке таянганда гана ОшМУну өркүндөтүп, Кыргызстандын жаркын келечегин кура алабыз.

Ошондуктан, кирип келген Нооруз бизге дем берип, элибиздин ырыскысы артсын! Мамлекетибизге молчулук, кут-береке тартууласын! Элибиз айдан аман, жылдан эсен болсун!

Сөзүмдүн аягында Улустун улуу күнүндөгү бата түрүндөгү тилегимди айтайын: Биздин жамаатта жетишкендиктер, ийгиликтер, улууга – урмат, кичүүгө – ызаат, жылуу мамиле болушун каалаймын! ОшМУ ынтымакчылыктын очогу болсун илайым!

**Урматым менен,**
**ОшМУнун ректору, профессор Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич**

# Маданият министри ОшМУнун искусство факультетинде болду

2023-жылдын 30-мартында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максүтов ОшМУнун искусство факультетине иш сапары менен келди. Факультеттин окутуучулары жана студенттери министрди жылуу тосуп алышты.

Министр факультеттин бардык бөлүмдөрү жана алардын ишмердүүлүгүнүн ар кыл багыттары, окуу кааналары, кол өнөрчүлүк, сүрөт көргөзмөсү, тигүү цехи, музыкалык топтор менен кылдат таанышып чыкты.

Алтынбек Максүтов факультеттин жетишкендиктерин жана артыкчылыктарын белгилеп, ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобековго жана факультеттин жамаатына жогору баа берип, ыраазычылык билдирди.

Андан соң министр мугалимдер менен жолугуп, пикир алмашып, сунуштарды угуп, суроолорго жооп берди. Мындан аркы бирге кызматташууга жана окутуучулардын, студенттердин чыгармачылык иштерине колдоо көрсөтүүгө даяр экенин билдирди.



## Декандар шайланды



Бактыбек Муратбаев



Сабыркул Арстанов

Факультеттин деканын шайлоо жобосуна ылайык, 25-март күнү Педагогика жана психология факультетинде, ал эми 27-март күнү Тарых жана социалдык иштер факультетинде декандык кызмат үчүн шайлоо болуп өттү.

Шайлоонун жыйынтыгы менен көпчүлүк добушка ээ болгон педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Муратбаев Бактыбек Бакасович Педагогика жана психология факультетине, ал эми тарых илимдеринин кандидаты, доцент Арстанов Сабыркул Абдиманапович Тарых жана социалдык иштер факультетине декан болуп 5 жылдык мөөнөткө шайланды.

Жамааттын ишенимине ээ болуп, жоопту кызматка дайындалган декандарга ийгиликтерди каалайбыз.

## ЖК депутаты ОшМУда лекция окуду

Жогорку Кеңештин депутаты, ОшМУнун сыймыктуу бүтүрүүчүсү Алишер Козуев ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков менен жолугуп, пикир алышты. Андан соң Эл аралык мамилелер факультетинин чыгыш таануу жана лингвистика адистиктеринин студенттерине, магистранттарына жана чыгыш таануу кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамына конок лекция окуду. Анда өзүнүн балалык чагы, ишмердүүлүгү, учурдагы мыйзам долбоорлор, чек ара маселелери боюнча айтып, катышуучуларды кызыктырган суроолорго жооп берди.

## ОшМУда "Ломоносов" борбору ачылат

Москва шаарында өткөн Евразиялык университеттердин ассоциациясынын XV съездине катышууга барган ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Москва мамлекеттик университетинин ректору Виктор Садовничий менен жолугушуп, ОшМУда ММУнун "Ломоносов" атындагы борборун ачуу келишимине кол койду. Андан сырткары эки окуу жайдын ректорлору туризм (бакалавриат), эл аралык мамилелер, математика жана компьютердик илимдер, колдонмо математика жана информатика (магистратура) багыттарында кош дипломдуу билим берүү программалары боюнча да келишимге кол коюшту.

## Окутуучулар АКШда

ОшМУнун Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын улук окутуучулары Гүлбарчын Эргешова, Чынара Жээнбекова жана Анара Тажибаева TESOL-2023 конференциясына катышууда. Бүткүл дүйнөлүк англис тили мугалимдеринин конференциясы АКШнын Орегон штатынын Портленд шаарында өтүүдө.

TESOL-2023 иш-чарасында окутуучулар "Incorporating translanguaging perspectives into the English language teaching classroom" (Англис тилин окутуу классына котормочулук перспективаларды киргизүү) темасында презентация жасашты. Мындай масштабдуу, эл аралык программага катышуу ЖОЖдордун жана мектептердин мугалимдери үчүн чоң жетишкендик болуп саналат.

## МИНИСТР РЕФОРМАЛАР БОЮНЧА КЕҢЕШМЕ ӨТКӨРДҮ



11-мартта Билим берүү жана илим министри Каныбек Иманалиев министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүм башчылары, эксперттер, анын ичинде «Эпсилон» мектебинин директору Азамат Дикамбаев, И. Раззаков атындагы КТУнун ректору Мирлан Чыныбаев, мектепке чейинки мекемелер ассоциациясынын жетекчиси Эльмира Каримова менен реформалар жөнүндө кеңешме өткөрдү.

Кеңешмеде "Кыргыз Республикасында билим берүүнү жана илимди концептуалдык реформалоо" презентациясы сунушталып, мектепке чейинки, мектептик, мектептен тышкаркы, башталгыч жана орто кесиптик, жогорку билим берүү жана илим тармагындагы реформалардын мүмкүн болгон багыттары каралды.

Катышуучулар билим берүү жана илим тармагындагы көйгөйлөрдү, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү менен камтуу, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу зарылдыгын белгилешип, мектепке чейинки билим берүү ишин лицензиялоодон кабарлоо системасына өтүү, PISA-2025 изилдөөсү башталганга чейин окуучулардын функционалдык сабаттуулугу боюнча 5 жолудан кем эмес олимпиадаларды өткөрүү, 9-10-класстын окуучулары үчүн ыктыярдуу ЖРТ сыноо, мектепте окутуу укугун алуу үчүн мугалимдерди көз карандысыз сертификациялоо, "Мыкты мугалим" республикалык кароо-сынагын жаңы форматта уюштуруу, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү үчүн дуалдык окутууну киргизүү, формалдуу эмес окутуунун натыйжаларын таанууну жөнгө салуу, ЖОЖдорду ирилештирүү,

ЖОЖдорду "ачык университеттерге" айландыруу, чоңдор үчүн үзгүлтүксүз кесиптик окутуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, илим фондун түзүү, жаш окумуштуулардын долбоорлору үчүн гранттарды бөлүү, Касым Тыныстанов атындагы сыйлыктарды уюштуруу жөнүндө сунуштарды талкуулашты.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ЖОЖдорду реформалоо боюнча кадам



Билим берүү жана илим министрлиги "Жогорку кесиптик билим берүү трансформациялоо жолунда" аталышында жогорку кесиптик билим берүү системасына биргелешкен сереп өткөрдү.

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков да иш чарага катышып, "Жогорку билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрү жана Кыргыз Республикасындагы заманбап университеттин модели" аталышында баяндама жасады.

Баяндамада жогорку медициналык билим берүүнү өнүктүрүү: трендер жана көйгөйлөр, ЖОЖду өнүктүрүүнүн мыкты моделдери жана практикасы, жогорку кесиптик билим берүү системасын жакшыртуу боюнча сунуштар камтылган.

Университеттин моделин талкуулоо үчүн мамлекеттик түзүмдөр, жогорку кесиптик билим берүү уюмдары, эл аралык уюмдар, көз карандысыз эксперттер, илимий-изилдөө, аналитикалык уюмдар, аккредитациялоочу агенттиктердин өкүлдөрү жана Жогорку Кеңештин депутаттары катышты.

Консультациялардын жана талкуулардын жыйынтыктары республикадагы жогорку билим берүү системасындагы реформаларды пландоого, ЖОЖдорду стратегиялык багыттоону пландаштырууга үчүн негиз болуп берет.

Ошондой эле талкуулардын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-2030-жылдарга карата планында чагылдырылат.

## Евразиялык билим берүү жарманкеси

ОшМУда Орусия, Казакстан, Беларуссиянын жогорку окуу жайлары катышкан Евразиялык билим берүү жарманкеси өттү.

Иш-чарага ОшМУдан, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынан, жарманкеге катышып жаткан жогорку окуу жайлардан өкүлдөр, Ош шаарындагы мектеп бүтүрүүчүлөрү, студенттер катышты.

Жарманкеде мектеп бүтүрүүчүлөрү, студенттер жогорку окуу жайлардын билим берүү тармагындагы техникалык, гуманитардык, агрардык, медициналык жана башка багыттары, билим алууга түзүлгөн шарттары, жумуш орундары жана стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат алып жатышат. Каалоочулар ЖОЖдордун экспресс-тестирлөөсүнөн өтүштү.

Жарманке билим берүү тутумдарынын географиясын кеңейтүү, өлкөлөрдүн ортосундагы социалдык-экономикалык жана маданий кызматташтыкты бекемдөө максатында жыл сайын уюштурулуп келет.

## Жаңы стандарттар жайылтылууда

ОшМУнун академиялык департаментинин директору Ибрагим Атабаев жана эки окутуучу Бишкек шаарында өтүп жаткан окутууга катышты.

72 сааттык окутуу орто кесиптик билим берүүдөгү жаңы талаптар жана муктаждыктар багытында болду. Анда орто кесиптик билим берүүдөгү окуу процессин уюштуруу, кредиттик технология менен окутуу, социалдык өнөктөштүк, улуттук квалификациялык негиз, кесиптик стандарттар, функционалдык карта жана негизги билим берүү программалары, стандарттары боюнча маалыматтар айтылып, тажрыйбалар сунушталды.

Окутуу КРнын Өкмөтүнүн туруктуу өнүгүү концепциясына ылайык, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан республикалык илимий-методикалык борборунда өттү.

## Киноакадемия бөлүмүнүн өндүрүштүк практикасы

ОшМУнун Искусство факультетинин киноакадемия бөлүмүнүн бүтүрүүчү студенттери "Кыргызфильмде" өндүрүштүк практикадан өтүп келишти. Болочок сценаристтер, оператор-режиссерлор учурда киностудиянын монтаждоо, үн жаздыруу, музыка коштоо цехтери, архив ж.б. бөлүмдөрүндө иш процесстери менен таанышып, профессионал адистерден сабак алышты. Ошондой эле редакцияда киносценарий жазуу, форматын өздөштүү, тема тандоо, тасмага баа берүү боюнча маалымат алышты. Киностудиянын директору А.Бекболотов менен устат-шакирт катары ийри отуруп, түз кеңешип, кино жаратуунун (сценарийден баштап) түйшүгү, керемети, максат-маңызы тууралуу баарлашуу болду. Башкы редактор Н.Мендебаировдон драматургиянын өнүттөрү жөнүндө угуп, белгилүү режиссер Т.Бирназаров, ж.б. режиссерлор, операторлор менен жолугушту. Режиссер А.Жураеванын "Кыргызфильмде" тартылган "Алтынга карай" даректүү фильмин, режиссер А.Ажыматовдун "Жоокер" кыска метраждуу ойномо фильмин режиссерлордун өздөрү менен бирге көрүп, сонунда тасманы талдай билүү максатында суроо-жооптор болду.

Кошумчалай кетсек, студенттер учурда социалдык роликтин мыкты сценарийи үчүн ат салышууда. Бул ролик студенттердин өздөрү тарабынан тартылат.

## ОшМУ Омск ЖОЖдору менен кызматташат

Омск облусунун Экономика министринин орун басары Константин Чуловский баштаган делегация бүгүн ОшМУда болду. Делегация окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков баштаган жамаат менен жолугуп, билим берүү, илим изилдөө, жогорку окуу жайлар ортосундагы кызматташтык тууралуу пикир алышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө делегация өкүлдөрү ОшМУ менен Омск областындагы Омск мамлекеттик университети, Омск мамлекеттик медициналык университети, Омск мамлекеттик агрардык университети сыяктуу бир топ жогорку окуу жайлар менен кызматташууда көпүрө болуп берерин, учурда аталган окуу жайлар ОшМУ менен кызматташууга даяр экендиктерин кошумчалашты. Ошондой эле Омск облусундагы мекеме-ишканаларда, медициналык мекемелерде ОшМУнун студенттери, магистранттары барып практикадан өтүп келүү мүмкүнчүлүктөрү боюнча сүйлөштү.

17-19-апрель күндөрү Омск облусунун губернатору баштаган делегация Ош облусуна атайын иш сапары менен келишет. Аталган иш чарада ОшМУ менен Омск облусунун ЖОЖдорунун ортосунда эки тараптуу кызматташуу келишимдери түзүлөт.

Учурда ОшМУ Орусиянын 70тен ашуун ЖОЖдору менен кызматташып келет.

## Долбоор жана макала жазуу мезгил талабы

ОшМУда "Эл аралык долбоор жазуу жана жыйынтыгында скопуска макала берүү" аттуу илимий-методикалык семинар өттү. Илимий-изилдөө бөлүмүнүн маалыматына караганда, семинар эл аралык фонддордун жардамында эл аралык долбоорлорду аткаруу максатында уюштурулду.

Спикер катары Клаусталь Техникалык университетинин приват-доценти (Германия), хабилитацияланган техника илимдеринин доктору Талант Рыспаев чакырылды.

Иш-чарага ректор Кудайберди Кожобеков, эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы, Илимий-техникалык кеңештин мүчөлөрү, аткарылып жаткан долбоорлордун жетекчилери, факультет, колледждердеги бул багытта кызыкдар болгон 60ка жакын окумуштуулар катышышты.

Семинардын жыйынтыгында, ОшМУ өзгөчө статус алган университет катары "QS университетинин дүйнөлүк рейтингине" катышуу механизмдери боюнча маалыматтарга ээ болушту.

## Эл аралык онлайн конференция өттү

"Тил жана адабияттардагы маданий-спецификалык универсалдуулук" аталышында VII эл аралык илимий конференция онлайн форматта өттү. Конференция орус филологиясы факультетинин чет тилдер жана маданияттар аралык коммуникациялар кафедрасы Курган мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер факультетинин чет элдик филология, лингвистика жана чет тилдерин окутуу кафедрасы менен биргеликте уюштурулду.

Эл аралык конференцияга Алжир, Белорусия, Казакстан, Камерун, Кыргызстан, Монголия, Россия, АКШ, Өзбекстандан 200дөн ашуун окутуучулар, аспиранттар, магистрлер катышты.

Конференцияда 3 секция иш алып барып, анда ОшМУнун окутуучулары, аспиранттары, магистрлери жана студенттер илимий баяндамаларды жасашты.

Иш-чаранын алкагында ОшМУ менен Курган мамлекеттик университетинин эки тараптуу кызматташуу келишимдерине кол коюу боюнча сүйлөшүүлөр болду.

# МИНИСТРЛИКТЕН ЖАШЫЛДАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ БУЙРУК ЧЫКТЫ

Билим берүү жана илим министри Каныбек Иманалиев билим берүү уюмдарынын инфраструктурасын, санитардык абалын, көрктөндүрүү, жашылдандыруу иштерин жакшыртуу, айлана-чөйрөгө кам көрүү, окуучулардын жана жаштардын ден соолугуна жана ар тараптуу өнүгүүсүнө жагымдуу шарттарды түзүү менен бирге, алардын эмгекке умтулуусуна, анын натыйжалуулугуна багыт берүү максатында буйрук чыгарды.

Буйрукка ылайык, Кыргыз Республикасындагы бардык билим берүү уюмдарынын аймактарынын инфраструктурасын, санитардык абалын, жашылдандыруу иштерин уюштуруу күчөтүлөт.

Жогорку, орто жана баштапкы кесиптик уюмдардын, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын билим берүү бөлүмдөрүнүн, облустук усулдук жана билим берүү мекемелеринин, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, жалпы жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилери төмөндөгүлөрдү аткарууга тийиш:

- билим берүү уюмдарынын аймактарын жашылдандыруу боюнча тиешелүү иш чараларды жергиликтүү бийлик органдары менен биргеликте (макулдашуу менен) уюштуруу;
- билим берүү уюмдарынын студенттеринин, окуучуларынын арасында жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) жашылдандыруунун, көрктөндүрүүнүн, айлана-чөйрөгө кам көрүүнүн максаттары жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- студенттердин, окуучулардын жана жаштардын ден соолугуна жана ар тараптуу өнүгүүсүнө жагымдуу шарттарды түзүү менен бирге, алардын эмгекке умтулуусуна багыт берүү;
- окуудан тышкаркы убакта студенттер менен биргеликте флеш-моб, эстафеталарды, акцияларды, мектеп окуучулары үчүн класстык сааттарды, класстан тышкаркы иш чараларды, мектепке чийинки билим берүү уюмдарынын тарбиялануучуларына айлана-чөйрө тууралуу көргөзмөлөрдү өткөрүүнү камсыздоо.



# Бүгүнкүнүн Дүйшөнү - Гапыр агай Ошто

Ош мамлекеттик университетинин доценти, КРнын Эмгек сиңирген мугалими, новатор-педагог Гапыр Мадаминов агай эки күн бою Ош шаарында методикалык-практикалык семинар өттү. ОшМУнун студенттерине, Оштогу ЖОЖдордун жана мектептердин мугалимдерине жана албетте ата-энелерге арналган иш чара жогорку деңгээлде өттү. "Дидактика" гезитинин кабарчылары да семинарга катышып, Гапыр агайдын баалуу кеңештерин кагазга түшүрүп калууга жетишти.



- Мектепте билим берүүнүн жакшырбай жаткандыгынын себеби, тарбия, тартип болбой жатат. Ошол эле убакта бизди эмне шаштырып жатат дегенде, балдардын тарбиясы жана билими. Балдардын баары мына бул уюлдук телефонго байланып, башоту менен кирип кеткен. Мен билим-тарбия жаатында жалпы 47 жыл эмгектенсем, анын ичинен жыйырма беш жылын төмөнкү үч суроонун үстүндө изденүүгө короттум.

Биринчиден, эмнеге балдар окугусу келбейт? Моюнга алышыбыз керек, жаштар окубай койду. Албетте, окугандар деле бар, бирок жүздөн үчөө, төртөө болушу мүмкүн. Калгандары окубайт, окугусу келбейт, кызыкпайт. Башкача айтканда, "азыркы балдарды биз эмне үчүн окута албай калдык?" деген суроону кабыргасынан коёлучу.

Экинчиден, ушундай күчтүү мугалимдер болсо, эмнеге балдарды окута албай жатабыз? Сөздүн ачыгын айтканда, биз балдардын жан дүйнөсүнө кире турган "ачкыч" таппай атабыз. Балким, методика, же билим берүү контенти, же башкаруу системасы, же башка себептен улам балдарга берген билимибиз жукпай атат.

"Балдар эмнеге окугусу келбейт?" деген суроого жооп издеп жүрүп, "Акыл эмгегинин маданияты " деген китепти жаздым. "Эмнеге окута албай жатабыз?" деген экинчи суроого жоопту "Устаттык өнөр" деген китеп аркылуу берүүгө аракет жасадым.

Ал эми үчүнчү суроо, бул - ата-энелерге тиешелүү. Ата-энелер эмне үчүн балдарынын окуусуна кызыкпайт? Кечинде балдарынын дептерин ачып математикасын, күндөлүгүн көрөбү? Мугалимге келип, "Оп балли, балдарды ушул айлыкка, ушул убакытка чейин окутуп жатканыңарга рахмат" деген ата-эне барбы? Эмнеге ата-энелер балдарынын билим алуусуна кайдыгер болуп кетти? Ушул суроонун жообун издеп атып "Ата-энелер, сиздер үчүн" деген китепти жаздым.

Мен бул китептерди жазыш үчүн 25 жыл өмүрүм кетти. Эксперимент жүргүздүм. Өзүбүздүн чакан мектебибизди эксперименталдык лаборатория деп атадым. Ал жерде ар бир социалдык, педагогикалык проблемаларды кандай кылып түзөтүш керек, көйгөйлүү суроолорду кантип чечебиз дегендин үстүнөн иликтеп, иштеп аттык. Биз балдар жаман, ата-эне жаман, мугалим жаман дей берсек, бизге жакшысын эч ким бербейт экен.

Ооба, мен 47 жыл айылда эле жүрө бербедим. Мактануу эмес, сыймыктануу менен айта кетейин, билим берүүнүн усулдарын изилдеп, атайын беш-алты өнүккөн мамлекеттерге чейин барып, тажрыйбасын көрдүм. Азыр айтышат го "Финндердей окуталы" деп. Ошол өлкөгө барып, өз көзүм менен көрдүм. 3-4 жыл болуп калды. Хельсинкиден бат эле деңизди сүзүп өтүп, Прибалтика Республикаларынын, Американын Колумбия университетинин, бир топ өлкөнүн билим берүү системаларын көрдүм.

Мен муну эмнеге айтып жатам. Мен бир нерсени айтсам, биринчиден түпкүлүгүнөн билим берүүнүн техникасын үйрөнүп, анализдеп, анан өзүбүздүн тажрыйбадан өткөрүп, синтездеп, жыйынтыгын гана сиздерге айтып атам.

## Адашкан ата-энелер тууралуу

Азыр ата-эне болуу да кыйын. Балдарды багыш керек, тамактандырып, кийиндириш керек. Бирок, ата-эне үчүн биринчи маселе перзенттин билим-тарбиясы болушу керек эле. Тилекке каршы, биздин ата-энелер утурумдук муктаждыктарга көбүрөөк басым жасап коюшат. Кандай жол менен байларга жетиш керек деген суроого көбүрөөк баш оорутушат. Балдарынын сабагына келип катышып койбойт. Дептерин ачып карап койбогон ата-энелер да бар.

Мына Кыргызстанда билим берүү боюнча кандай гана реформалар жүрбөдү. Өтө зор сөздөрдү айтышты. Ким өзүнүн баласынын сапаттуу билим алып, ушундай бир жакшы инсан болуп, өмүрлүү, бактылуу болушун каалайт?

Баарыбыз каалайбыз. Бирок, иш-аракетке келгенде баарыбыз туура кыймылга келбейбиз.

Балдар ата-эненин билимге жасаган мамилесине карап туруп, чечим чыгарат. Япония, Швейцарияда ата-энелер баласы менен бирдей эле окуйт экен. Ал эми бизде ата-энеге той маанилүү, ошон үчүн тойго барат. Базар маанилүү, кафе, ресторан маанилүү. Мектеп болсо анча маанилүү эмес. Балдар мектептен 2 алып келсе, "Бул силердин мектебиңер начар, окутпайт" деп айтат. Же баласына "сен элдин балдарындай эмессиң" деп капа болот. Мен айтат элем. Эгер балдарыбыз математиканы иштей албаса, англис тилин билбесе, 2 алса, эссе, дилбаян жаза албаса, предметтерди өздөштүрө албаса демек, бул сиздердин алган экиңиздер болот, ата-энелер!

А биз баарын күнөөлөп көнүп алганбыз. Мектеп начар, директор иштей албайт, мугалимдер билимсиз. Бул аксиома. Аксиома - далил талап кылынбаган чындык. Мамилени өзгөртүү керек.

Мектепке жөнөтүп атканда, "балам, сен улуу, азиз жерге барасың, сен мектепке барып, жакшы окуп кел. А мен үйдө сенин жакшы көргөн мантыңды жасап турам. Азиз устаз, мугалимдериңдин ар биз сөзүн нан ушактай кылып, алпештеп алып кел. Барып кел, айланайын балам" деп дем берип узатыш керек. "Барчы мектебиңе, надоел кылдың" дебей.

Дүйнөлүк социологдордун аныктамасына ылайык, иштин эффектүвдүүлүгү, ийгиликтүүлүгү, натыйжалуулугу 70% мамиледен көз каранды. Азыр биздин балдар мектепти жакшы көрүп келип атабы? Жок. Себеби, апасы жакшы көрбөйт да мектепти. Мамиледен мамиле төрөлөт. Башкача айтканда, ата-эне мектепке, мугалимге, китепке, билимге кандай мамиле кылса, бала да так ошондой мамиле жасайт.

## «Энелер мектебинин» жаралышы

Ушундан 25 жыл мурун ушул китептердин кол жазмасын жазып, энелерди окута баштадым. Энелер мектеби - көп жылдык тажрыйбадан улам пайда болгон идея. Элибизде "Эне бул – медресе" деген сөз бар. Демек, эне биздин жашообузда билимдин, тарбиянын очогу болуп келген.

Бул тууралуу Пайгамбарыбыздын хадистеринде да көп жерде айтылган. "Энеси жакшынын баары жакшы" деген сөздүн түбүндө эле кандай маани жатканын ойлоп көргүлөчү. Демек, энелер жакшы болсо, балдар жакшы, балдарыбыз жакшы болсо, мамлекетибиз, коомубуз жакшы деген сөз келип чыгып атат.

Мен бир нерсеге таң калам, биз кесипти окутабыз, а бирок эмне үчүн ата-энеликти окутпайбыз. Мына парадокс. Мен бир тема ачылганда бардык жерде бир сунушту айтып келем: үй-бүлө кура турган курактагы кыз-жигиттерди окутуп, атайын курстан өткөрүп, экзамен алып, сертификат берип, анан гана ЗАГСка уруксат беришибиз керек. Эмнени окутуш керек дегенде, рухий байлыкты, эстетиканы, маданиятты, гигиенаны окутуп, даярдап, анан турмуш жолуна аттандыруу керек. Ошондо бизде ажырашуулар аз болот. Азиянын арстандары аталган Сингапур, Малайзия кантип өнүгүп кетти? Алар жаштарын үй-бүлө курууга окутуп атышат. Өнүгүү сырларынын бири ушул.

Балдар булар - шумкар. Шумкарга учуш үчүн эки канат керек. Биринчи канаты - мектеп, мыкты мугалимдер. А экинчиси - ата-эне. Ата-энелер аракет кылбаса, шумкарга бир канатта учуу кыйын болот. Качан гана эки канаты бирдей кыймылда болгондо бийиктиктерди багындырат.

Мугалимдерге айтарым, биринчи кезекте өзүңөрдүн предметиңерди жакшы билип, баланын педагогикалык психологиясын жакшы өздөштүргүлө. Өзүңөрдү жоготпогула жана асмандан бийик сезбегиле. Окуучулар менен аралыкты сактагыла. Педагогикага байланыштуу фильмдерди көргүлө. Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" деген фильмин, "Доживём до понедельника" ж.б.у.с. көркөм фильмдерди көргүлө.

Сабакка көрсөтмө курал деп эле бир нерселерди көтөрүнүп, кыйнала бербегиле. Эң күчтүү көрсөтмө курал бул – тил, колуңар жана башыңардагы билимиңер. Жакшы окуган 3-4 балага эле карап тура бербестен, баардык окуучуга тегиз мамиле кылгыла. Дайыма колуңарда китеп болсун. Балдардын маанайына карагыла.

Социалдык тармактарда биздин окуучуларыбыздын түнкү саат 12ге чейин ЖРТге даярдап жаткан видеосу тарап кетиптир. Мен да ал тасманы силерге окшоп интернеттен көрдүм. Көп адамдар көрүптүр, ой-пикирлерин калтырыптыр. Бул эми күндө эмес, бир жумада 1-2 жолу кечке чейин калып кетет. Ал эми башка күндөрү 5-6га чейин, же 4-5ке чейин эле окушат. Анан да окуучулардын эми өзүнчө романтикасы бар да. Түндө, жылдыздар чыгып турса. Эгерде окутуу методикаң туура болсо, окуучу эч убакта тажабайт. Кээ бир адамдар «окуучулар чарчап калат» деп айтышыптыр. Бирок, мен айтар элем, эгерде сабак өтүү начар болсо окуучу түнкү 12 эмес, күндүзгү 12де эле уктап калат. Эң негизгиси, мугалимдердин кесипкөйлүк дараметин көтөрүш керек. Эгер мугалим өз предметин өтө жакшы билсе, анын магнити пайда болот. Телефондун ичинен баланы сууруп чыгып, өзүнө ээрчитип алат...

*Биз студент-кабарчы катары Гапыр Мадаминов агайдын семинарына биринчи жолу катыштык. Өтө көп пайдалуу маалыматтарды, акыл-насаатты алдым деп тайманбай айта алабыз. Көрсө, биздеги билим берүү системасындагы көйгөйдүн түйүнү кайдыгерликте турбайбы. Ошондой эле ата-энелер менен мугалимдин ортосунда байланыштын жоктугу да өкүнүчтүү жагдай экен. Билим-тарбия жаатындагы узак жылдык тажрыйбасын бөлүшкөн Гапыр агайга студенттер да, мугалимдер да жана албетте, ата-энелер да абдан таасирленди, ыраазы болушту. "Энелер мектебин" уюштуруу зарылдыгына ыныанып кетишти.*

**Арстанбек кызы Жаңылай,**
**Азим кызы Наргиза**
**кабарчылар**

## Директорлор үчүн семинар өттү

Бишкек шаарында Чүй облусунун жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору үчүн "БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ НАТЫЙЖАЛУУ МЕНЕДЖМЕНТ" аталышындагы 3 күндүк окуу, семинары болуп өттү. Гапыр Мадаминов семинарда өзүнүн автордук программасы "Энелер мектеби" жана анын пайдасы жөнүндө, 25 жылдан ашык эксперименттин негизинде сунуштаган - "Акыл эмгегинин маданияты" сабагынын маанилүүлүгүн, методиканы колдонуу менен кандай жыйынтыкка жетсе болорун, бул практикалык методикалар билим сапатын жакшыртуунун өбөлгөсү экендигин баса белгилеп айтып, өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүштү.


Үч жүздөн ашык адам катышкан семинардын аягында мугалимдер Гапыр агайдын методикасын колдонуп, ата-эне менен тыгыз иштешип, окуучулардын билим сапатын жакшырта алабыз деген ойлорун айта кетишти.

Бүгүнкү күндө 7 дубанга агайдын "Энелер мектеби" программасы тарап, жер-жерлерде АТА-ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ уюштурулуп, коомчулукта кызыгууну жаратууда.

**ОшМУнун Маалымат технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнүн башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдималик Омаралиев:**

# “Санариптик аймакка” каттоо иштери кызуу жүрүүдө”






***- Абдималик агай, өлкө боюнча «Санариптик аймак» автоматташтырылган маалыматтык тутумун ишке киргизүү иш-аракети кызуу жүрүп жатат. Сөз башында мына ушул “Санариптик аймак” тууралуу айта кетсеңиз?***

- Санариптик аймак - автоматташтырылган маалыматтык тутум деп айтылат. Бул маселе боюнчаушулаймаккаокутуучуларды жана кызматкерлерди кошуу боюнча атайын министрликтен телефонограмма келген. Өзүңөргө белгилүү, Санариптик өнүктүрүү министрлигинде "Инфаком" мамлекеттик ишканасы иш алып барат. Ошол ишкананын карамагында өзүнчө тутумдар, проекттер бар. Ошолордун бири "Санариптик аймак" деп аталат. Мунун эң негизги максаты - Кыргызстанда жашаган элдердин баарын “Санариптик аймакка” каттатуу.

***- Ал жакка кантип катталат?***

- Ош шаарында 7 муниципалдык аймак бар. Анын даректерин биз бардык жамаатка, ошо жердеги мугалимдерге, студенттерге бергенбиз. Ошол даректерге барып катталат. Үйдүн ээси үйүнүн техникалык паспорту менен үйдө жашаган жарандардын паспортторун же көчүрмөсүн алып барып, бир эле киши каттатып койсо болот. Эми ар бир адам жашаган жеринде кайсы аймакка же болбосо муниципалдык аймакка кирерин билет да. Эгерде чет өлкөлүк жаран үйдө убактылуу каттоодо болсо, ошол катталган тактамасы менен катталса болот.

***- Агай, биздин университетте «Санариптик аймак» тутумуна эмгек жамаатты каттоо кандай жүрүп атат?***

- Жогоруда айтылгандай, Билим берүү жана илим министрлигинен телефонограмма келген. Андан кийин биз админ.кеңеште карап, 7 пункттан турган чечим кабыл алганбыз. Бул боюнча иштер кызуу жүрүп жатат. Негизинен кимдер каттоодон өттү, кимдер өтпөдү, бардык факультеттин, колледждин, башка структуралардын жетекчилери, ар бири өздөрү карап, текшерип атышат. Андан сырткары биз ошол чечимди кадрлар бөлүмүнө жүктөгөнбүз. Ар бир окутуучунун жана кызматкерлердин пиндери бар. AVN системасынан пиндерди алып, министрликке жөнөтүп, ким катталган-ким катталбаганын билип алабыз. Милдетин аткарбаган тараптардын жоопкерчилиги албетте каралат.

***- “Санарип аймак” маалымат тутумуна катталуу үчүн кандай документтер талап кылынат?***

- Биринчи кезекте жашаган жери жана үй-бүлөлүк курамы жөнүндө аныктамалар. Бул санариптик аймак автоматташтырылган маалыматтык тутуму аркылуу берилет. Эгер андан өтпөсө, тактаманы ала албайт. Мурдагыдай ушул жерде жашаганы анык, үй-бүлөсү мындай деп жазып бере албайт. Негизинен документтер, жашаган үйдүн негизги документтери, үйдүн ээсин өзүн ырастоочу документи (паспорт), үйдө же батирде азыркы учурда факт боюнча жашап жаткан жарандардын тиешелүү документтери, паспортко жашы жете элек болсо, туулгандыгы тууралуу күбөлүк, идентификациялык номерлери, ОМСтерди алып барса болот. Эгерде жаран башка мамлекеттин жараны болсо, убактылуу каттоого катталгандыгы тууралуу документ талап кылынат. Бир эле киши каттап коёт. Эгерде шаарда жасабаса, башка шаарда жашашы мүмкүн да. Мисалы, Жалал-Абад шаарында, Бишкек шаарында катталгандар болуп калышы мүмкүн. Анда өздөрү барып, ошол жерде жашаган жеринен санариптик аймакка катталышы керек.

***- Жарандардын жеке маалыматтарынын коопсуздугуна кепилдик барбы?***

- Система иштеп баштагандан кийин эле ар бир жаран менен келишим түзүлөт. Ал келишимде санариптик аймак боюнча жоболор бар. Жарандардын жеке маалыматарын тиешеси жок адамдар ала алышпайт. Маалыматтарды өзү жана тиешелүү органдар гана ала алат. Маалыматтардын коопсуздугуна кепилдик бар.

***- “Түндүк” ведомство аралык электрондук тутуму жөнүндө түшүндүрмө бере кетсеңиз, "Санарип аймак" менен кандай байланышы бар?***

- "Түндүк" ведомство аралык электрондук тутуму мурда жеке ишкана болгон. Эки жылдан бери Инфокомдун курамына кошулган. Инфоком - мамлекеттик ишкана. Ал ишкана санариптик өнүгүү министрлигинин алдындагы мамлекеттик ишкана. Ошол себептүү "Түндүк" да ошол жерге кошулган.

***- Агай, сөзүбүздүн аягында “Санарип аймак” тутумуна катталуунун этабы жөнүндө дагы бир жолу айта кетсеңиз, анткени катардагы кызматкер кайда кайрыларын билбей кыйналып жүрө бербесин?***

- Каттоо процесси өзүнүн жашаган айыл өкмөтүндө атайын, “санарип аймак” деген бирдиктүү терезе бар, ошого барып кайрылуу керек. Ал эми Ош шаарындагы тургундар, жети муниципалдык аймактык башкармалыгына кайрылат. Алардын ичинен Сулайман-Тоо деген аймактык башкармалык Давыдов көчөсүнө көчүп кетти. Калган башкармалыктардын уюлдук номери жана дареги жазылган. Бир үй-бүлөдөн бир эле киши барып, үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүнүн өзүн ырастоочу документти (паспорт), жашы жете элек балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүктү алып барат. Эгер үй-бүлөдө алыс жакта убактылуу жашап жаткандар болсо, документтердин онлайн варианты менен да каттоодон өтсө болот.

***- Бизге бөлгөн убакытыңыз үчүн чоң рахмат, ишиңизге ийгилик, агай!***

**Маектешкен:**
**Айжан Маматкалилова,**
**кабарчы**

# «Лифттеги сүйлөшүү» окутуу ыкмасы



**Дүйшөн Шаматов,**
**ОшМУнун Ардактуу профессору:**

Мен «Лифттеги сүйлөшүү» (elevator pitch) окутуу ыкмасын кесиптешим Даниэль Торранодон изилдөө методдору курсун бирге окутуп жатып үйрөнгөнмүн. Мага бул техника абдан жакты. Биз бул тапшырмага 3 мүнөт бергенбиз, бирок азыр ойлонсом убакытты 1 мүнөткө кыскартса да болот экен.

Бул окутуу ыкмасынын кандай пайдасы бар жана аны кандай колдонсо болот?

Биринчиден, бул ыкманын пайдасы студенттерге өз изилдөөлөрүн жакшылап ойлонуп, мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө сүрөттөп берүүгө мүмкүндүк берет.

Жаңы изилдөөчүлөргө көбүнчө өз изилдөөлөрүн кыскача жана ынанымдуу түрдө сүрөттөп берүү кыйынга турат. Алар көбүнчө изилдөөлөрүн түшүндүрүү үчүн көп убакыт керек деп арызданат. Бирок, чындыгында, адамдарда бош убакыт аз жана өзгөчө изилдөө гранттары боюнча чечим кабыл ала турган, же сиздин изилдөөңүзго жетекчи же демөөрчү боло турган маанилүү адамдарда сизди угууга көп убактысы жок болушу мүмкүн. Аларды кызыктыруу үчүн изилдөөңүздүн ток этер жерин кыска-нуска түшүндүрүшүңүз керек.

Ошентип, бул «Лифттеги сүйлөшүү» көнүгүүсү жаш изилдөөчүлөргө өз изилдөөлөрүн так жана ынанымдуу сүрөттөп берүүгө тажрыйба болот. Ошол "маанилүү" адамдар "лифттеги" кыска маектешүүдөн кызыгып, кайрадан жолугушууга макул болгудай чыгышы керек. Ал үчүн изилдөөчүлөрдөн чоң чеберчилик талап кылынат.

Эгерде сиз бул ыкманы өзүңүздүн сабагыңызда колдонгуңуз келсе, студенттерге кандай суроолорду берсеңиз болот? Мен адатта студенттерди төмөнкү суроолорго даярдангыла дейм:

1) Сиздин изилдөөңүздүн темасы кандай?

2) Изилдөөңүздө кандай маселе же суроо каралат?

3) Эмне үчүн сиздин тема кызыктуу, маанилүү жана пайдалуу?

4) Изилдөөңүздү кантип жүргүзөсүз?


5) Сиздин изилдөөңүз кандай жаңылык киргизет?

6) Эгер сиз лифтте жолукчу адам потенциалдуу каражат бере турган болсо, анда ал эмне үчүн каржылашы керек?

Мен бул ыкманы өз семинарларымда колдондум. Көпчүлүк жаш изилдөөчүлөр изилдөө темаларын жана эмне үчүн маанилүү экенин түшүндүрө алышат экен. Бирок көп жаш изилдөөчүлөрдүн изилдөө методологиясы боюнча билими жетишсизирээк экен. Кантип изилдөө жүргүзөсүң деген суроодон кыйналат экен.

Бул маселеге олуттуу мамиле жасап, ЖОЖдордо илимий-изилдөө методдорун окутуунун сапатын кескин түрдө жакшыртуубуз керек деп айтып келем.

Албетте, бул «Лифттеги сүйлөшүү» окутуу ыкмасын башка дисциплинада да колдонсо болот. Мугалимдер аны өз тажрыйбаларына



ылайыкташтыра алышат.

Баса бул ыкма бирөөнүн убактысын баалаганы да жардам берет. 3 мүнөт бердим, болду токтот деп үйрөтпөсөк, бизде регламент такыр сакталбайт. Конференцияда 10 мүнөт берсе, сөзсүз 30 мүнөт сүйлөйбүз. Бирөөнүн акысына кирип отурабыз, каалаганча сүйлөп.

# Педагогикалык тажрыйбалар парады

"Мыкты мугалим болуу үчүн кайсы сапаттарды өздөштүрүү зарыл?" деген сыяктуу орчундуу суроолор менен университетибиздин айрым окутуучуларына кайрылганбыз. Жооптору албетте кызыктуу болду. Айтылган сунуш-пикирлер окурман-мугалимдерибиз үчүн пайдалуу болот деген изги тилек менен гезит бетине жарыялап атабыз.

**ОшМУнун Орус филологиясы факультетинин Чет тилдер жана маданияттар аралык коммуникациялар кафедрасынын доценти Сурмакан Сейитбекова:**

## "Жандуу сабактар жаштардын эсинен эч качан кетпейт"



- ***Сурмакан эжеке, студенттерге сүйүктүү мугалим болуш үчүн окутуучулар кандай кеңештерди берет элеңиз?***

- Мыкты мугалим болуу үчүн окуучудан же студенттен деңгээлиң бийик болушу керек. Ошондо гана алардын жүрөгүнөн түнөк алып, сыймыктуу устатка айланасың. Ошондукутан биринчи кезекте ар бир мугалим өзүнүн предметин өтө жакшы билген күчтүү адис болушу керек. Мугалим өзүнүн балалык кезине кайтып, эстеш керек да. Мен балалык кезде кандай элем, студент кезде кандай элем деп. Анткени балага бала болуп, студентке студент болсоң, анан сени жакшы көрөт, айтканыңды угат. Өзүңдүн билимиң, тарбияң, өзүңдүн баскан-турганың бүт бойдон студентке үлгү болушу керек.

- ***Ушундай мыкты сапаттарга ээ болуу үчүн кандай жолду басып өттүңүз?***

- Мен ушул сапаттарга ээ болуу үчүн темаларды иш жүзүндө өтүп бергенге аракет кылам. Мисалы, силлабуста тамак-аш деген тема болсо, студенттер менен ашканага же кафеге барып сабак өтөм. Ал мезгилде бала сени менен баарлашып, эсинде жакшы калат. Экскурсияга да бала менен чогуу барып, балалык кездей болуп, чогуу басып, чогуу жүрүп, көчөдө кетип жатканда жада калса пирожкини да балдар менен чогуу жеп, ар бир көз ирмемди окуткан предметиме байланыштырып, кантип, эмнелерден жасалат, кандай болот деп үйрөтүп отурам. Ушундан улам болсо керек, менин сабактарым студенттериме аябай жагат.


- ***Дагы кандай тажрыйба колдоносуз?***

- Тема түшүндүрүп атканда студент ошонун түпкүрүнө киргидей аракет жасаш керек. Мисалы, ар жылы 12-декабрда Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестин өтүп берем. Сейиттин "Жамийлаа-аа, Жамийла-аа!" деп кыйкырганын, ага болгон сүйүүсүн даңазалап ийгим келет."Канаке, Сейитке окшоп сүрөт тартып көргүлөчү" деп, же болбосо Даниярдын ырын ырдоо менен ошол студенттердин жүрөгүнөн түнөк тапкан сабак өтөм. Мындай жандуу сабактар жаштардын эсинен эч качан кетпейт.

- ***Кызыктуу маегиңиз үчүн чоң рахмат.***

**ОшМУнун Математика жана информациялык технологиялар факультетинин Жогорку математика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Дилбар Кедейбаева:**

## "Интернет ресурстарын туура пайдаланалы"



- ***Дилбар эжеке, айтсаңыз, сиз үчүн чыныгы мугалим ким?***

- Мугалим бул - мөмөлүү дарак деп коёт эмеспи. Мен жолдо кетип баратсам, окуучулар же студенттер "Саламатсызбы эжеке" деп ушундай бир жылуу сөзүн айтса, ошондо өзүңдү мен жакшы мугалим окшоймун деп кубанып каласың. Мугалим абдан жоопкерчиликтүү кесип. Эптеп эле мугалим болуп алсам дегендер катуу жаңылышат.

- ***Бүгүнкү мугалимге кандай талаптар коюлат?***

- Мугалим билим берген адис болгон үчүн биринчи кезекте өзү билимдүү болуп, деңгээли окуучулардан бир топ жогору болушу керек. Окуучубу, студентпи мугалим тандабайт, предмет тандайт. Себеби, мугалим жакшы болсо, окуучу ошол сабакка кызыгып баштайт. Мугалим ошого жеткире билип, көңүлүңдөгүдөй сабак өтөт. Окуучуларды кагып-силкип уруша бербей, шайыр-шатман болуп, мамиле таба билүү да маанилүү. Мугалиммин деп эле керсейе берсе окуучулдарды озүнөн алыстатып алат.

- ***Эжеке, өзүңүздүн тажрыйбаңыз менен бөлүшө кетсеңиз?***

- Мен биринчи мектепте иштедим. Аябай кызыгып барсам керек, ушул окуучуларымды жогорку деңгээлге жеткирем деп өтө аракет кылдым. Сабакка толтура материалдарды көтөрүп барат элем. Улам барган сайын тажрыйбаңдын жыйынтыгы менен жаңы усулдарды өздөштүрө берет экенсиң. Мен да башка кесиптештерим сыяктуу башкаларга окшобогон өз стили бар мугалимдердин бири боло алдым деп айта алам.

- ***Заманбап билим берүү үчүн кайсы талапты биринчи орунга коесуз?***

- Жаштар технологияга жакын болгондуктан, мугалим бул жаатта алардан да ашыгыраак билиш керек. Маалыматтан артта калып кетпеш үчүн күн сайын өзүнүн үстүнөн иштөөсү керек. Себеби, окуучуларга эски усул менен сабак өтсөң канаттандыра албайсың. Интернет ааламында бул багытта сонун усулдар, жаңы маалыматтар бар. Мугалимдер замандан артта калбаш үчүн интернет ресурстарынын жакшы жактарын туура пайдаланууну адатка айлантып алышы керек.

- **Эжеке, сизге чоң рахмат. Иштериңизге ийгиликтерди каалайбыз.**

**ОшМУнун Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Марклен Бабаев:**

## "Китеп окуу - эң сонун тажрыйба"

- ***Марклен агай, бүгүнкү мугалим үчүн эң мыкты сапаттарды санап берсеңиз?***

- Заманбап мугалим өтө креативдүү, чыдамкай, атаандаштыкка жөндөмү болушу керек. Акыркы технологияларды колдонууда замандан артта калып кетпей, күн сайын изденип турууcу абзел.

- ***Жаштар арасында мугалимдик кесипке кызыгуу кандай?***

- Жыл сайын жүздөгөн жаштар педагогикалык окуу жайларды аяктап атышат. Бирок, 95%ы мугалимдик кесиптен башка тармакка ооп кетүүдө. Кудайга шүгүр, эки жылдан бери мугалимдикке кызыккандар көбөйгөндөй болуп атат. Буга айлык маянанын жогорулаганы, педагогикалык адистиктерге мамлекеттик мамилениn өзгөргөнү түрткү болду окшойт. Мугалимдер арасында стимул пайда болгону жакшы көрүнүш.

- ***Мугалим менен окуучулардын ортосунда түшүнбөстүк эмнеден улам келип чыгат?***

- Эң орчундуу суроону берип жатасыңар. Чын эле акыркы окуяларды көрүп жатасыңар. Балдар үйү болобу, мектеп болобу, мугалим менен окуучулардын арасында айбай көп түшүнбөстүктөр чыгып жатат. Мугалими окуучусуна кол көтөрүп коюп аткан, же балдар чогулуп алып, окутуучуну телефонго тартып шылдыңдап аткан көрүнүштөрдү көрүп зээним кейиди. Мындай алып карасаң, эки тарапта тең күнөө бар. Эң башкысы, мугалим татыктуу мугалим болууга күнү-түнү аракет кылбаса болбойт. Бул үчүн өз кесибин өтө сүйүш керек. Сүйүү гана тажабай эмгектенүүнү, сабыр кылууну үйрөтөт.



- ***Мугалимдик кесипке болгон сүйүүнү кантип пайда кылабыз?***

- Биз айлык же, материалдык кызыкчылык үчүн эмес, келечек муундун татыктуу инсан болуусу үчүн аракеттенсек, бул миссияны бизден башка эч бир кесип аркалабай тургандыгын түшүнсөк жакшы болмок. Бардык ата-эне балдарын сүйөт. Балам татыктуу билим алсын деп, болгон күчүн жумшап, контрагын төлөп окутат. Биз мугалимдер эң биринчи кезекте мына ушул ата-энелердин аманатына кайдыгер карабашыбыз керек го.

- ***Сиз педагогикалык тажрыйбаңызды байытуу үчүн кандай ыкмаларды колдоносуз?***

- Китеп окуу - эң сонун тажрыйба. Улуу педагог Сухомлинскийдин "Уулума кат" деген сонун эмгеги бар. Мүмкүн болушунча ушундай китептерди көп окуп, өзүмө тажрыйба катарында пайдаланганга аракет жасайм.

- **Баалуу кеңештериңиз үчүн рахмат.**

**ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин Чыгыш таануу кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбек Бөтөнөев:**

## "Жакшы адамдар менен көбүрөөк жүргөнгө аракет жасайм"



- ***Жолдошбек агай, заман талабына жараша мугалим кандай сапаттарды өздөштүрүшү керек?***

- Замандын талабына жооп берип, колдон келсе көп тил билүү керек. Технологияларды өздөштүрө билүү эң негизгиси болуп саналат. Мугалим өзүнөн үстүнөн тынбай иштеп турууcу абзел. Педагогика илиминде мугалим күндө окуп турбаса, анын мугалимдик сапаты жоголо баштайт деп айтылат.

- ***Кандай инсандык сапаттарга ээ болгону жакшы?***

- Мыкты мугалим болуу үчүн адамгерчиликтүү, жөнөкөй, кичи пейил, сылык, кечиримдүү, адилеттүү, айкөл болушу керек. Өзүнүн кесибин сүйгөн адам гана мыкты мугалим боло алат. Эгерде айлык үчүн, же кандайдыр бир кызматты көздөп иштесе, ал адистен жакшы мугалим чыкпайт. Өзүнүн үстүнөн иштеген, пландап жумуш кылган адам сөзсүз ийгиликке жетет.

- ***Сизде мына ушул сапаттар барбы?***

- Бул сапаттардын баары менде бар деп айта албаймын. Бирөө болсо, экөө жоктур же, тескерисинче. Мен эми болушунча жакшы адамдарга жолукканга, сүйлөшкөнгө, ошолор менен көбүрөөк жүргөнгө аракет жасайм. Биз реалист болушубуз керек. Кыргыз коомундагы жашоо кандай болуп жатат. Чыныгы жашоо менен идея дал келбей атат.

- ***Сиз санап кеткен талаптарды өздөштүрүүгө эмне тоскоол болуп жатат?***

- Жакшы суроо бердиңер. Чындыгында мугалимдин жеке жашоосу анын чыгармачылык менен иштөөсүнө, өзүнүн үстүнөн иштешине, илимий командировкаларга чыгып, квалификациясын жогорулатуусуна чоң тоскоолдук жаратат. Анткени, окуу жайларда ашыкча талаптар бар. Мисалы, чет өлкөдөн окуусун бүтүрүп келген күчтүү кадр Кыргызстандын бир университетине жумушка келсе, аны тоодой талаптар, толтура иш кагаздар күтүп алат. Ушунун айынан айрымдары кайра жумуштан чыгып кеткен учурлар болот. Ошондуктан, мугалимдерге коюлган кээ бир талаптарды жетекчилик жеңилдетсе жакшы болмок.

- ***Бизге убакыт бөлүп, суроолорубузга жооп бергениңиз үчүн рахмат.***

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

**Математика жана информациялык технологиялар факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орун басары, техника илимдеринин кандидаты, доцент Алтынбек Кудуев:**

## “Мугалим менеджер жана психолог болушу керек”



*- Алтынбек агай, мыкты мугалим болуш үчүн кайсы сапаттарды маанилүү деп эсептейсиз?*

- Мыкты мугалим болуш үчүн биринчи кезекте менеджерлик сапат маанилүү. Окутуучулар студенттер менен тыгыз байланышта болуп, ар биринин кулк-мүнөзүн, аракетин баалай билип, баарына тегиз караш керек. Өз кесибин сүйүп, тынбай өзүнүн үстүнөн иштеп, аракетчил болууга милдеттүү. Ошондой эле мугалимде ораторлук чеберчилик болуш зарыл. Окуучуларды жана студенттерди өзүнө тартууну мыкты билип, заманбап технологияларды пайдалануу менен сабак өтсө жакшы болот. Башкача айтканда, бүгүнкү заманбап мугалимге аракетчилдик, адилеттүүлүк, сезимталдык сапаттар талап кылынат.

*- Техника өнүккөн заманда билим берүү да татаалдап кетти окшойт?*

- Туура айтасыңар, азыркы замандын талабына жараша аудиториянын ички аурасы да жакшы болуш керек. Интерактивдүү, сенсордук доскалар, керек болсо стол-стулдар дагы заманбап технологияларга шайкеш келип турушу керек. Студенттерди кызыктыруу үчүн оюндарды уюштуруп, тесттерди түзүү менен сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү керек. Презентация жолу менен сабак өтүүдө студент теманы жакшы кабыл алат. Мисалы, өтүп жаткан темага байланыштуу төрт сүрөттү коюп алып, түшүндүрүп берсе студентте элестөө пайда болот. Түнгүюк эле сүйлөп, түнгүюк эле мындай болот-андай болот деп айта берсек, студенттерге жеткиликтүү болбой калат.

*- Мугалимдер азыркы жаштарга кандай мамиле кылыш керек?*

- Эң башкысы, начар окуган студентти кемсинтпей, жакшы окугандар менен чогуу ала жүрүш керек. Мыкты окуган студенттер менен эле иштеше бербестен, калгандарга да бирдей көңүл буруу зарыл. Кээ бир учурда үй-бүлөлүк абалына жараша айрым студенттер сабакка кызыгуусу начарлап кетиши мүмкүн. Андай учурда студенттин психологиялык өзгөрүүсүнө заматта көңүл буруп, жардам бериш керек. Кээде кесибин туура эмес тандап алгандар да жок эмес. Беш кол тең эмес. Кээ бир студенттер социалдык абалынан, жүрүм-турумунан, кийген кийиминен кысылып, өзүн алдыга көрсөткүсү келбей, баёо көзү менен мугалимди карап олтура берет. Бирок, анын ичинде таланттары бар. Мугалим психолог да болуп, ага түрткү бериш керек. Кээ бир мугалимдер чыгармачылык менен иштеп атып, начар студентти да акырындап мыкты деңгээлге чыгарып коёт. Мына ушуларды чыныгы психолог -педагог десек жарашат.

*- Агай, жеке тажрыйбаңыз тууралуу да айта кетсеңиз?*

- Мен Кудайга шүгүр, 21 жылдан бери эмгектенип келе жатам. Ушул убакыт аралыгында бир топ теориялык, практикалык, лабораториялык сабактарды өттүм. Куратор катары көп студенттерди чыгардым. Алдыңкы студенттерим илимдердин кандидаты, шаардык кеңештин депутаттары болуп калды. Мен куратор болуп жүргөндө студенттерди сабактан сырткаркы иш чараларга аябай катыштырат элем. Экскурсияларга алып чыккан убактар көп болду. Айрымдарын азыр анча таанибай калышым мүмкүн. Бирок алар көрүп калган жерде салам берип, “агай, сиз бизге жакшы куратор болгонсуз” десе, сүйүнүп калам. Студенттериме өз балдарымдай эле “келечектери кең, бактылуу адамдардан болсун” деп бата кылчумун.

*- Ушунча убакыттан бери бай тажрыйба чогулткан экенсиз, өз ишмердигиңизге кандай баа берет элеңиз?*

- Биринчиден, бизге бааны студенттер бергени жакшы. Биз колубуздан келишинче эмгектенип атабыз. IT тармагы жыл сайын эмес, күн сайын жаңыланып атат. Аны адамзат баласы куук жете албай калып жатабыз. Анан дагы студенттерди баалоодо адилеттүү, адамгерчиликтүү, сабырдуу жана кечиримдүү болууга аракет кылам. Мага кесибим аябай жагат. Тынбай изденип турам, технологияларды пайдаланып сабак өтөм. Сапаттуу билим бериш үчүн айрымдарына катуу тийип коюшубуз мүмкүн. Муну учурунда баалай албаса да убакыттын өтүшү менен ыраазы болушат.

**Арстанбек кызы Жаңылай, кабарчы**

## Жаңы брендди жайылтуу иштери күчөтүлөт

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
OSH STATE UNIVERSITY

КЫРГЫЗЧА
РУССКИЙ
ENGLISH

Ош мамлекеттик университеттин Административдик кеңешинин 17-марттагы №19 Токтомуна ылайык, кабыл алынган жаңы брендди жайылтуу боюнча жалпы университеттик деңгээлде иш-чаралардын планы жана жооптуулары аныкталды.

Аталган кеңешмеде ОшМУнун ректорунун жардамчысы М. Маматжан уулу ОшМУнун брендбук сайты жөнүндөгү маселе менен тааныштырып, бир катар чечимдер кабыл алынды. Атап айтканда, кабыл алынган брендди жайылтуу боюнча жалпы университеттик деңгээлде иш-чаралардын планын иштеп чыгуу студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж. А. Артыковага жана ректордун жардамчысы М. Маматжан уулуна жүктөлдү.

Университеттин бардык факультет, колледж, мектеп-лицейлеринде жана түзүмдүк бөлүмдөрдө ички жана эл аралык байланыштарды кеңири колдонуу менен өз деңгээлинде жаңы брендди жайылтуу боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыгуу түзүм жетекчилерине тапшырылды.

Токтомго ылайык, бардык структура жетекчилери окуу жайдын атрибут, символикаларын (веб-сайт, бланктар, табличка ж.б.) жаңыласа, бренддин өздүк сайтынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоону ОшМУнун IT адиси А. Абдирасулов менен ректордун жардамчысы М. Маматжан уулу ишке ашырат.

Ошондой эле Ош мамлекеттик университетинин атрибуттарын чагылдырган материалдарды чыгаруу (буклет, блокнот, ручка, журнал, календарь, папка, значок, плакетка, желек, желекче, пано ж.б.), май айында “Жаңыланган ОшМУ” аттуу форум өткөрүү озуйпасы дагы М. Маматжан уулу менен Д. Бектемир уулуна жүктөлдү.

Университеттин социалдык тармактагы баракчаларына жазылууну күчөтүү, үгүттөө иштерин жүргүзүү, ОшМУнун жаштар гимнин жазып, тасмага түшүрүү жана имидждик, маалыматтык промо-роликтерди даярдоо жумуштары студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.Артыкова менен «Маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыш борбору» маалыматтык бөлүмүнүн жетекчиси М.Ниязалиевге тапшырылды.

Токтомдун аткарылышын ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору З.С.Божонов жалпы көзөмөлгө алат.

## ОшМУнун логотибин колдонуунун Жобосу

Логотип визуалдык коммуникациянын маанилүү элементтеринин бири болуп саналат, анда ОшМУнун бренддинин корпоративдик өзгөчөлүгүнүн негизги мүнөздөмөлөрү камтылган.

• Логотип менен иштөөнү түшүнүүнү камсыз кылуу үчүн бул Регламент логотипти колдонуунун жалпы эрежелерин камтыйт, анын негизги элементтеринин сыпаттамасы берилген. Фирмалык аталыштын жана тексттик бөлүгүнүн өз ара жайгашуусу белгиленген жана аны өзгөртүүгө болбойт. ОшМУнун логотибин колдонуунун бул жобосу логотипти (мындан ары - логотип) сүрөттөө, кайра чыгаруу жана колдонуу тартибин аныктайт.

• Логотип ОшМУнун менчиги болуп саналат жана аны ОшМУнун аффилирленген жактары (кызматкерлери, студенттери, өнөктөштөрү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүмдөрү) Жободо белгиленген тартипте жана шарттарда гана пайдалана алышат.

• Логотиптин колдонулушун контролдоо жана координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүм – ОшМУнун маркетинг департаменти.

• Ыйгарым укуктуу бөлүм логотипти колдонгон юридикалык жана жеке жактардын реестрин жүргүзөт.

**Университеттин логотибин төмөнкү жактарда жайгаштырууга болот:**

• Университеттин бланктарында (Буйрук, кат, факс ж.б. бланктары);

• кызматташуу (өнөктөштүк) жөнүндө келишимдердин (макулдашуулардын) титулдук баракчаларында;

• Университеттин ишин көңгө салуучу ченемдик документтерде (Жоболор, Эрежелер, башка жергиликтүү актылар);

• Университет тарабынан чыгарылган усулдук адабияттарда (окуу китептери, окуу колдонмолору, усулдук иштеп чыгуулар, рекомендациялар, нускамалар, монографиялар, жыйнактар), мезгилдүү жана башка басылмаларда;

• конференциялардын, семинарлардын, симпозиумдардын жүрүшүндөгү кулактандыруулар, маалымат каттары, чакыруу билеттери, программаларда;

• жарнамалык роликтерде, видео жана фото презентацияларда;

• көргөзмөлөрдө жана университетте көрсөтүлгөн экспонаттар, витриналар, планшеттер, стенддер, баракчалар жана брошюраларда;

• көрнөк-жарнактарда жана тандоо комиссиясынын жарыяларында;

• төш белгилерде, сувенирлерде, визиттик карталарда;

• Футболка, кепка, куртка жана башка текстиль буюмдарда.

**Эскертүү!**

Логотиптерди транспорт каражаттарынын кыймылы үчүн арналган беттерине басууга жана бурмаланган түрдө колдонууга жол берилбейт.

Логотипти үчүнчү жактардын колдонушуна университеттин администрациясынын макулдашуусу менен гана уруксат берилет.

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова

**Фото кабарчы:**
Р.Максутов

**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова
Маматкалилова Айжана
Арстанбек кызы Жаңылай
Эркинбек кызы Курманжан
Азим кызы Наргиза

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №464

# ОшМУ Нооруздy өзгөчө тосту



21-март күнү Ош шаарынын борбордук аянтында улуттук майрам - Ноорузга карата майрамдык иш-чаралар өткөрүлдү. Майрамга келгендерди КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Торобаев, Ош шаарынын мэри Бакытбек Жетигенов куттуктады. Майрамдык салтанатка калаа тургундары жана коноктору, аксакалдар, жаштар катышты. Иш-чаралар борбордук аянтта башталды. Андан соң көргөзмө-жарманке ачылып, анда улуттук тамак-аштын түрлөрү коюлуп, ишкерлер, сүрөтчүлөр жана кол өнөрчүлөр өз буюмдарын тартуулашты. Жарманкеге ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган ректордук жамаат, окутуучулар, студенттер катышып, майрамга келген шаар тургундарына, конокторго сүмөлөк таратылып, кыргыздын улуттук тамак-аштары тартууланды. Искусство факультетинин студенттери улуттук кийимдердин көргөзмөсүнө катышышты.











